

21-сентябрдан 24-сентябрга чейин Польша мамлекетинин Белосток шаарында откон “Алыш” боюнча дvйнолvк мелдеште командалык эсепте Кыргызстан командасы 1-орунду татыктуу ээледи. Дvйнонvн 26 мамлекетинин балбандары катышкан мелдешке Кыргыз Республикасынын ИИМнин Академиясынын эки курсанты катышып олкобvздvн туусун бийик которvп келишти.

Академиянын 3-курсунун курсанты Кочкоров Мырзабек финалда польша улутундагы балбанды женип дvйнонvн чемпиону болуп аталды. Мырзабек озvнvн 70 кг салмактык категориясында ушул эле жылы самбо боюнча Кыргыз Республиасынын ИИМдин биринчилигинде 1-орунду, улуттук кvрош боюнча Кыргыз Республиасынын ИИМдин биринчилигинде 1-орунду жана “Алыш” кvрошv боюнча Азиянын чемпиону болгон.

Ал эми 3-курстун курсанты Арстанбай уулу Эламан кvмvш медаль алып келди. Буга чейин “Алыш” боюнча 80 килограммдык категориясында Кыргызстандын биринчилигинде 2-орунду, Кыргызстандын ЖОЖдор арасында откон универсиадада 3-орунду жана Азиянын призеру болуп, анда да экинчи орунду ээлеген.

Курсанттарды мелдешке даярдаган “Алыш” боюнча спорттун чеберлери Академиянын Кvжvрмон жана дене тарбияга даярдык кафедрасынын башчысы милициянын подполковниги Сагын Жумабековдун жана кафедранын машыктыруучусу милициянын капитаны Аскар Ботбаевдин салымдары чоң.

ИИМдин Академиясынын басма-соз кызматы



